## № 10 А. Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эстетикалык сабактар усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылындагы окуу тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине анализ

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эстетикалык сабактар боюнча усулдук бирикмесинде алты мугалим эмгектенди. Эстетикалык сабактар боюнча усулдук бирикме мүчөлөрүнө музыка, көркөм өнөр, дене тарбия, чийүү, АЧД мугалимдери кирет. Бирикме мүчөлөрү менен август айында чогулуш өткөрүлдү. Чогулушта өткөн окуу жылындагы бир жылдык иштин анализи жүргүзүлүп талкууга алынды. Мугалимдер сунуштарын айтышып, кемчилдиктер үстүндө иштөөсү милдеттендирилди.

Усулдук кеңештин 2019-2020-окуу жылына карата иш планы бекитилди. Окуу планына ылайык предметтер боюнча мамлекеттик стандарттага окуу программалары аткарылды. Жаңы окуу жылына карата календардык пландардын түзүлүшү боюнча бирдей талаптарды, нормативтерди тактоо жөнүндө сунуш пикирлер айтылды. Предметтик ийримдер боюнча жылдык иш пландар түзүлдү. Балбаева Д. тарых мугалими 0,5 ст. бий кружогу, Шавданова Ч. дене тарбия мугалими , теннис кружогу 0,25ст. Сонунбеков Ж. дене тарбия мугалими бокс боюнча 0,5 ст. Акматова Бааркан Султанбековна тарабынан 0,25 ст.кол өнөрчүлүк ийримдеринин иш пландары түзүлүп, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилди. Бирикме мүчөлөрүнүн портфолиолорунун абалындагы кемчилдиктер оңдолуп, толукталып иреттелди. Мамлекеттик тил күнүнө карата өткөрүлүүчү иш чараларга катышып,9-а классына Турабекова Б. “Тил – ойдун сандыгы” аттуу темада класстык саат өтүлдү. Сабактар жакшы деңгээлде өтүлдү деп белгиленди. Эстетикалык сабактардын декадасы ноябрь айында болуп өттү. Предметтик мугалимдер ачык сабактарын өтүштү. Тажрыйба алмашуу максатында ар бир мугалим өз ара сабактарга катышты. Мугалимдер сабактарында жаңы инновациалык ыкмаларды колдонушуп, окутуунун эффективдүү ыкмаларын жайылтуу менен окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, окуучулардын эстетикалык табитин ойготуу, билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иштеп келе жатышат. “Кылмыштуулуктун алдын алуу жана болтурбоо” максатында 8-9-10-класстар арасында жогорку деңгээлде конкурс болду. Андан сырткары “Спорт ден-соолуктун булагы” деген темада 9-10-11-класстар арасында таймаш сабагы өттү. Эстетикалык сабактар боюнча окуучулардын билим сапаты 66%дан 95%га чейинки көрсөткүчтү беришет. Окуу программасы толук аткарылган. 23-февралга карата Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата конкурс өтүлдү. Окуучулар арасында патриоттук ырлар жана дубал газеталар чыгарылды.Жеңүүчү окуучулар грамоталар менен сыйланды. Январь айында 6-класстарда дене тарбия, музыка, сүрөт, технология сабактары текшерилип, жыйынтыгы чыгарылды. Дене тарбия мугалимдери март айынын башында волейбол боюнча зоналдык мелдеш өткөрүлүп, 9-10-11-класстын окуучулары катышышты. Балдар 1-орунга, кыздар 3-орунга жетишишти.Пандемия шартына байланыштуу 15-марттан баштап апрель, май айларында онлайн форматта сабак окутуу болду. Ар бир айга усулдук бирикменин аткарылган иштери боюнча билдирүү жазылды, эки айга бир усулдук бирикменин отурумунун алты протоколу жазылып жыйналыштары убагында өтүлдү. Бирикменин мүчөлөрүнүн иш пландары “канааттандырарлык” деп табылды.

Усулдук бирикме жетекчиси: Турабекова Б.Т.

# № 10 А. Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эстетикалык илимдер усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылындагы окуу -тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине анализ

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эстетикалык сабактар боюнча усулдук бирикмесинде жалпысынан алты мугалим эмгектенди.

Усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн катышуусу менен биргеликте жаңы окуу жылындагы календардык пландардын түзүлүшү боюнча бирдей талаптар, нормативтерди тактоо боюнча көрсөтмө берилди. Усулдук бирикме мүчөлөрүнө жаңы окуу жылына коюлган максаттары, милдеттери, укуктары боюнча тааныштырылды. Биздин бирикмеде жаш мугалим жок, стажы он жети жылдан ашкан тажрыйбалуу мугалимдер эмгектенет. Усулдук бирикменин мүчөлөрүндө ийримдер боюнча жылдык иш пландар түзүлүп, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилип, көзөмөлгө алынып турду. Шавданова Ч. 0,5 ст. бий кружогун жетектейт, Сонунбеков Ж.0,5 ст. бокс боюнча кружок, Акматова Б.кол өнөрчүлүк 0,25ст. Шавданова Ч.0,25 теннис кружогун жетектөө менен бирдикте, өзгөчө жөндөмдүү балдар менен иш алып барышты. Ушул жалпы окуучулар үчүн окуу учурундагы шартка байланыштуу бардык класстарга аралыктан окутуу болду. Бул мезгилде ар бир предметтик мугалим өтүлүүчү сабактардын темаларын түшүндүрүүдө видеого тартып жөнөтүштү. Сабактарга тиешелүү видео роликтерди жасап, окуучулар үчүн кызыктуу болгон материалдарды пайдаланышып сабак өтүштү.

Окуу программасынын биринчи жарым жылдагы аткарылышы боюнча кемчилдиктер болгон жок. Окуучулардын чейректер боюнча билим сапаты жакшы көрсөткүчкө ээ. Бирикме мүчөлөрүндө 6-класстарда дене тарбия, сүрөт, музыка, технология сабактарынын өтүлүшү боюнча жетишкен жана жетишпеген жагы боюнча сунуш пикирлер айтылды. Ар бир мугалим өз предметин сүйүүгө жана изденип жаңы ыкмаларды колдонуп, чыгармачылык эргүү менен сабак өтүүгө далалат жасайт. Мугалимдердин өз ара сабактарга катышуу дептерлери толук бар , анткени окуу бөлүмү башчысы тарабынан текшерилип турат. Бирикме мүчөлөрү ар кандай коомдук иштерге катышып турушат. Эстетика сабагы боюнча жумалык апрель айында өткөрүлдү. Ар бир мугалим сабактарында өз чыгармачылык жактан тажрыйбасын көрсөтүү менен жетиштүү сабактарды өтүп беришти. Дене тарбия сабагынан класстар арасында баскетбол боюнча мелдеш өткөрүлдү. Андан сырткары класстар арасында улуттук оюндардын түрлөрү боюнча мелдеш уюштурулуп, жыйынтыгы чыгарылып жеңүүчүлөр грамоталар менен сыйланышты. “Жадыраган жаз айы” деген темада 5-7-класстар арасында сүрөт сынагы өткөрүлүп жыйынтыгында алдынкы окуучулар сыйланды. Ар бир айга усулдук бирикменин аткарылган иш-чаралары боюнча билдирүү жазылып бирикме мүчөлөрү менен чогулуш өткөрүлүп отурумдун протоколдору жазылды. Бирикме мүчөлөрүнүн алып барылган иштери “канааттандырарлык” деп белгиленди.

Усулдук бирикме жетекчиси: Турабекова Б.Т.

## №10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эстетикалык илимдер усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылынын окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине анализ

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин эстетикалык илимдер усулдук бирикмесине музыка, көркөм өнөр, чийүү, дене тарбия, АЧД мугалимдери кирет. Жалпысынан алганда беш мугалим эмгектенет. Баардык сабактарды предметтик мугалимдер өздөрү окутушат. Жыл башынан мугалимдерге сааттар бөлүнүп берилген. Предметтик мугалимдер ар үч жыл сайын, атайын курстан өтүп, окутуунун жаңы усулдарын үйрөнүшүп, билимдерин өркүндөтүүнүн үстүндө эмгектенишет. Эстетикалык илимдер усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылына карата бир жылдык иш планы түзүлгөн, жаңы окуу жылына карата календардык пландардын түзүлүшү боюнча бирдей талаптар, нормативдерди тактоо иштери жүргүзүлгөн. Жылдык түзүлгөн иш пландын негизинде, усулдук бирикме мүчөлөрүнүн милдеттери бөлүштүрүлдү.

Предметтик ийримдер боюнча жылдык иш пландар түзүлдү. Дене тарбия мугалими Сонунбеков Жапарбек 0,5ставка бокс боюнча, Шавданова Чачыкей 0,5 ставка менен бий жана вокал, көркөм өнөр ийрими боюнча Оморбекова Гүлжамал 0,25ст. ийримдерин жетектешти. Жылдык иш пландар түзүлүп, окуу бөлүмү башчысы тарабынан текшерилип,директор тарабынан бекитилип, көзөмөлгө алынып, иштин жыйынтыгы чыгарылып турду. Өзгөчө жөндөмдүү окуучулар дене тарбия сабагы боюнча бокс, баскетбол, волейбол ийримдерине катышып, зоналдык мелдештерге катышышып ийгилик жаратышты.

Апрель айында волейбол боюнча зоналдык мелдеште үч мектеп арасында 9-10-11-кл. балдар 1-орун, кыздар 2-орун, баскетбол боюнча мелдешке 9-10-11-класстар катышты. 1-орунга 9-класстын окуучу кыздары ээ болушту. Балдар арасында 1-орун 10-класс, 2-орун 11-класс, 3-орунга 9-класстын оюнчулары жеңүүчүлөрдөн болушту.

Окуучулардын чейректери боюнча билим сапаты көркөм өнөр сабагы боюнча 66%-98%, музыка сабагынан 65-86%ке чейин , дене тарбия сабагынан 80-100% билим сапатын беришти. Эстетикалык сабактарынын билим сапаты 65%-98 % чейинки көрсөткүчтү беришти.

Предметтик окуу кааналарынын жабдылышы заман талабына ылайык телевизор ,предметине ылайык стенддер менен жабдылган.

"23-февраль- Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө" карата 5-9-класстар арасында мыкты дубал газеталар жана патриоттук ырлар сынагы уюштурулуп, сынактын жеңүүчүлөрү грамота менен сыйланышты. Эстетикалык предметтер боюнча усулдук бирикменин декадасы апрель айында болуп өттү.Бардык бирикме мүчөлөрү ачык сабактарды беришти. Мугалимдер сабактарына окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн тажатма эмес, ар кандай акыл оюндарын колдонуп, жаңы инновациялык методдорду колдонуу менен жаңы стандартка ылайык сабактарды өтүшүп беришти. Ар кандай класстан тышкаркы иштерди, конкурс, спорттук таймаш, адабий кечелерди уюштуруп, класстар арасында сынактар өткөрүлдү. Ошондой эле коомдук иштерге да активдүү катышып жаттык. Эстетика бирикмесинин мугалимдери, башка предметтик бирикменин ачык сабактарына катышып, тажрыйба алмашуулар болду. Жылдык пландын негизинде "Жадыраган жаз айы"деген темада сүрөт сынагы 5-7-класстар арасында өтүлүп, мыкты сүрөткерлер сыйланышты. Жыл боюнча окуу программасынын аткарылышы талапка ылдайык аткарылды.. Бирикме мүчөлөрүнүн жыл ичинде алып барган иштери канааттандырарлык деп табылды.

УБ жетекчиси: Турабекова Б.Т.